# ММК фондунун 2023 жылдын 1 кварталында жарандардын кайрылуулары боюнча жургүзүлгөн иштер

2023-жылдын 1 кварталында ММК фондуна жарандардан 6344 кайрылуу келип түшкөн, анын ичинде 113 Шыр байланышына – 5725 кайрылуу; ММК фондунун аймактык башкармалыктарына – 80 оозеки кайрылуу, кат жүзүндө – 225, коомдук кабылдамага каттагандар – 181, электрондук - 37, on-line режиминде сайт аркылуу –96.

Кайрылуулардын негизги бөлүгү Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында медициналык кызмат алуу, кошумча төлөм төлөө, коронавирус, ММК полисин сатып алуу, жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуу, камсыздандыруу статусун текшерүү, гемодиализ кызматы ж.б. маселелер боюнча кеңеш суроо иретинде келип түшкөн кайрылуулар болуп эсептелет.

18 даттануу келип түштү, анын ичинде 5 (28%) тастыкталды. Бардык даттануулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мөөнөттө каралып чыкты. Даттанууларды карап чыгуунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй чаралар көрулдү: 4 учурда сөгүш берилди; 1 учурда эскертүү берилди; 1 учурда этика боюнча комиссияда каралды, 6 медициналык кызматкер кызматынан бошотулду.

Баардык кайрылууларга телефон аркылуу консультациялар жана кат жүзүндө жооптор берилген, ошондой эле бейтаптарга специалистерден консультация алууга жана ооруканаларга жатууга жардам көрсөтүлгөн.